*Эргешали кызы Актилек, Эргешали кызы Айчүрөк*

# ОКУУЧУЛАРДЫН УЛУТТУК АҢ-СЕЗИМИН КАЛЫПТАНДЫРУУДА ЧЕТ ТИЛИНИН ТААСИРИ

*Эргешали кызы Актилек, Эргешали кызы Айчүрөк*

# ВЛИЯНИЕ ИНОСТРАННОГО ЯЗЫКА В ФОРМИРОВАНИИ НАЦИОНАЛЬНОГО САМОСОЗНАНИЯ УЧЕНИКОВ

*Ergeshali kyzy Aktilek, Ergeshali kyzy Aichurok*

# INFLUENCE OF FOREIGN LANGUAGE IN FORMATION OF NATIONAL CONSCIOUSNESS OF PUPILS

*УДК: 371/372. 81-13*

*Бул макалада окуучулардын улуттук аң-сезимин калыптандырууда англис тилинин таасирин изилдөө, окуучуларды башка тилдүү өлкөлөрдүн маданиятын, улуттук өзгөчөлүктөрүн үйрөнүүнүн негизинде өз элинин улуттук өзгөчөлүктөрүн таанып билүүгө болгон кызыгууларын арттыруу маселелери камтылды.*

***Негизги сөздөр:*** *рухий байланыштуулук, нравалуулук, эстетикалык тарбия, тил маданияты, улуттук аң-сезим, улуттук өзгөчөлүктөр, рухий байлык, рухий баалуулуктар, улуттук баалуулуктар, адеп-ахлактык, жүрүм-турум нормалары.*

*В этой статье рассмотрено влияние иностранного языка в формировании национального самосознания учеников, развитие интереса к познанию национальных особенностей своего народа и изучение национальных особенностей, культуры иноязычных стран.*

***Ключевые слова:*** *духовная связь, нравственность, эстетическое воспитание, культура речи, национальное самосознание, национальные особенности, духовные ценности, национальные ценности, нормы поведения.*

*In this article, influence of foreign language in formation of national consciousness of pupils, development of interest to knowledge of national features of the people by learning national features, culture of the countries speaking another language are considered*

***Key words:*** *spiritual communication, morals, aesthetic education, the standard of speech, national consciousness, national features, cultural values, national values, norms of behaviour.*

Окуучулардын рухий адептик сапаттарынын калыптануусу билим берүү чөйрөсүндө уюшулуп, анда окутуу менен тарбиялоо илим менен маданияттын байланышынын негизинде ишке ашырылат. Өз кезегинде француз жазуучусу В. Гюго “Элдин улуулугу анын саны менен өлчөнбөгөндөй эле, адамдын улуулугу да анын бою менен өлчөнбөйт, жалгыз гана өлчөм катарында анын акыл-эстик өнүгүүсү жана адептик деңгээли кызмат кылат” – деп айткан сөзүнө далил катарында мектеп окуучуларын нравалык жана эстетикалык жактан тарбиялоо проблемасы азыркы коомчулук тарабынан өзгөчө кызыгууну жаратып жаткандыгын айтууга болот.

Бул багыттагы окумуштуулардын изилдөөлөрү нравалык-эстетикалык тарбиялоонун бирдиктүүлүгүнүн маңызы рухий байланыштуулукта гана жеткиликтүү деңгээлде түшүнүктүү болоорун белгилеп көрсөттү.

Окуучулардын өз улутунун өзгөчөлүктөрүн жан дүйнөсүн аны менен азыктандырган деңгээлде өздөштүрүүсү бир гана өз элинин улуттук баалуулуктарына гана эмес, башка улуттардын өкүлдөрүнүн да руханий баалуулуктарына маани берүү, аларды изилдөө жана аң сезимдүү түрдө салыштыруу аркылуу ишке ашат. Ал эми, башка элдин улуттук өзгөчөлүктөрүн изилдеп иликтөөдө, ошол элдин өкүлдөрү менен баарлашуу, пикир алышуу, мамиле түзүү зарылчылыгы келип чыгат. Мындай зарылчылыкты ишке ашырууда ар бир инсандын ар түрдүү тил каражаттарына ээ болуусу маанилүү. Анткени “Тил байлыгына ээ болгон адамдын ой жүгүртүүсү ар тараптуу болуп, анын жан дүйнөсү, жашоосу руханий дөөлөттөр менен сугарылат” [6].

“Тил – бул маданияттын күзгүсү. Анда адамды курчап турган чыныгы дүйнө, анын жашоосунун чыныгы шарттары гана эмес, элдин коомдук аң-сезими, менталитети, улуттук мүнөзү, жашоо образы, каада-салттары, адеп-ахлактуулугу, баалуулуктар системасы, дүйнө таанымы да чагылдырылат” [5]. Демек, баарлашуунун, өз ара түшүнүшүүнүн, байланыш түзүүнүн жана мамилелешүүнүн негизги каражаты болуп тил эсептелгендиктен, окуучулардын улуттук аң-сезиминде тил маданиятынын маанилүүлүгүн калыптандыруу да өзгөчө мааниге ээ. Бул процесс билим берүү мекемелеринде тилге байланыштуу болгон предметтерди окутууда иш жүзүнө ашаары белгилүү. Бул предметтерди өз ара тыгыз байланышта окутуу аркылуу бул маселелердин чечилүүсүнө шарт түзүлөт.

Учур талабына ылайык предметтер аралык байланыштардын маанилүүлүгү күндөн күнгө жогорулоодо. Мектептеги билим берүүнү жакшыртуунун натыйжалуу жолу болуп сабактарды предметтер аралык байланыштар принцибинин негизинде интеграциялоо. Бул багытта иш алып баруу мектептеги билим берүүнүн, жалпы билим берүүнүн жана окуучу-

лардын жалпы маданий потенциалынын жогорулоосуна шарт түзөт.

Мектептеги ар бир окуу предмети өзүнүн маани маңызы боюнча адамдын инсандык сапаттарынын пайда болуусун, социалдык жана рухий жактан багыттоочу инструмент болуп саналат. Мындай окуу предметтеринин катарында "Англис тили" предмети өзгөчө орунду ээлейт. Бул предмет баарлашуунун каражаты катарында окуучуларга түрдүү тармактагы билимдердин жана башка окуу предметтеринин мазмунун колдонууга аларды үйрөнүүгө кенен жол ачат.

Англис тилин окуу процессинде окуучулардын англис тилинин маданиятын үйрөнүүсү алардын ар түрдүү чөйрөдөгү адамдар менен ар кандай багытта иш алып баруусуна, тажрыйба алмашып, ой бөлүшүп, байланыш түзүүсүнө, профессионалдык деңгээлде ишмердүүлүк жүргүзүү мүмкүнчүлүгүнө жана башка элдердин улуттук баалуулуктарын таанып билүүсүнө шарт түзөт.

Адамдагы рухий байлык, анын жашоодо гумандуу инсан катары калыптануусу, эмоционалдык абал менен акыл-эстеги дал келүүлөр өз учурунда адамдагы индивидуалдуулуктун, башкача айтканда, адамдагы өз алдынчалыктын башталышын чагылдырат. Окуучуларда рухий баалуулуктарды калыптандыруу – адамдардын жашоо тиричилик аракеттеринин, ишмердүүлүктөрүнүн маанилүүлүгүн, баалуулугун негиздөөгө шарт түзүү мүмкүнчүлүктөрүн жаратат.

Мындай шарттарда англис тилин окутуу процессинде улуттук аң сезимдүүлүккө тарбиялоонун багыты жалпы адамдарга тиешелүү болгон рухий баалуулуктар, улуттук-регионалдык жана улуттар аралык маданий каада-салттар менен тыгыз байланышта болуусу зарыл.

Н.А. Асипова улуттук аң сезимдин калыптанышы жөнүндө төмөндөгүдөй ойду айткан: "Акыркы мезгилдеги ар кайсы өлкөлөрдүн эгемендүүлүккө ээ болушу "улут факторунун", "улут маселесинин" кайрадан жаңылануусуна, жаңырышына алып келди жана "улуттук реносанс" көрүнүшүнүн күч алышына жол ачты. Мунун натыйжасында ар бир улут өкүлүнүн өз элинин адамзат тарыхындагы ордун, салмагын, салымын аныктоого болгон аракетин күчөттү" [2]. Бул ойдун маанилүүлүгү жалпы адам баласынын баалуулуктары катары адамдын укуктары, эркиндиги, тарбиясы, билими биринчи орунда тургандыгын далилдеп турат. Демек, баарыдан мурда адамды эң жогорку баалуулук катарында таанып билүү, баланын инсанын, кадыр-баркын урматтоо, анын укуктарын, эркиндигин коргоо, өсүп-өнүгүүсүнө шарт түзүү, балага билим берүүдө жана тарбиялоодо демократиялык жана гуманисттик принциптерин, көз караштарын бекемдөө маселеси турат.

Англис тили предметин окутуунун өзгөчөлүгү окуучулардын башка тилдүү өлкөлөрдүн маданиятын, улуттук өзгөчөлүктөрүн үйрөнүүгө жана таанып билүүлөрүн кеңейтүүгө шарт түзөт. Ошондой эле, окуучулардын улуттук аң-сезиминин өнүгүүсүн актуалдаштырат, башка улуттарды таанып билүүлөрүн жана өздөрүн инсан катары таанып билүүлөрүн жөнгө салат.

Англис социологу В.И. Споттун ою боюнча Англиянын элдери көбүнчө улуттук мүнөздөгү өзгөчөлүктөрдү жана түзүлүштөрдү, компромисстик жолдорго, юмор, уюштуруучулук жөндөмдүүлүктөрүнө болгон ынтаа, ийкемдүүлүк катарында карашат. Ошол эле учурда алардын улуттук аң сезиминде салттык санааларга болгон, башкалардын үстүнөн басмырлоо комплекстери жана башка өзгөчөлүк сапаттары четке кагылган. Америка улутундагы элдерде демократиялуулук, эркиндик, инсандык ж.б. маселелерди коргоого болгон укуктар басымдуулук кылып улуттук аң-сезимдин өнүгүүсүндө өзгөчө орунду ээлейт [1].

Ал эми немец окумуштуусу Л. Гурлит өз сөзүндө "Бөтөн элдик тааасир – эгерде ал күчкө салынып таңууланбаган болсо, эч качан зыяндуу болбойт жана ал элдердин жекече өзгөчөлүктөрүнө, рухий жактан өз алдынчалыктарына басымдуулук кылбайт"- деп белгилеген [4]. Андыктан, окуучуларда чет тилин үйрөнүүнүн маанилүүлүгүн түшүнүп билүүлөрүн өнүктүрүү, аны мамилелешүүнүн, таанып билүүнүн жана социалдык жактан ыңгайланышуунун каражаты катарында колдонууга үйрөтүү, жарандык, атуулдук сапаттарын тарбиялоо, улуттук аң-сезимдүүлүктөрүн өркүндөтүү учур талабы менен айкалышууда мыкты натыйжалуу жыйынтык берээри шексиз.

"Окутуунун жана тарбиялоонун башкы максаты – адамга анын жан дүйнөсүн толуктап туруучу ишмердүүлүктү тартуулоо" – деп айткан К.Д. Ушинскийдин сөзү азыркы күнгө чейин өз баалуулугун жоготпой келүүдө [7].

Чет тилдерин окуп үйрөнүүгө ишмердүүлүк менен мамиле жасоо окуучулардагы ынтызарлыкты, активдүүлүктү жогорулатууга, окууда өз алдынчалыкты күчөтүүгө жана өз алдынча иштөөгө көмөк көрсөтөт жана окуучулар үйрөнүп жаткан тилинин тарыхы, географиясы, саясаты, адабияты, маданияты менен тыгыз байланышта болот. Мындай байланыш окуучулардын өз улутунун маданиятына маани берүүгө жана аны терең изилдеп түшүнүүгө түрткү берет. Ошону менен бирге, окуучулар башка өлкөлөр, элдер жөнүндө маалыматка ээ болушат жана окуучулардын башка улуттагы элдерге карата болгон көз караштары, мамилеси маданий, адептик негизде калыптанат.

Окуучулардын адеп-ахлактык, улуттук баалуулуктарды өздөштүрүүсү элдин көп жылдык тажрыйбасын өзүнө сиңирип алуу аркылуу ишке ашат.

Окуучулардын үйрөнүп жаткан тилинин адабий чыгармалары менен таанышуусу алардын рухий жан дүйнөсүн байытууга, таанып билүү жана ой жүгүртүү жөндөмдүүлүктөрүнүн өнүгүүсүнө алып келет. Ошондой эле, чыгармалар аркылуу англис тилин

окуп үйрөнүү окуучунун рухий жактан инсан катарында калыптануусуна шарт түзөт. Бул процесс окуучулардын жалпы элдерге тиешелүү болгон коомдук чөйрөдөгү ар кандай көйгөйлөргө карата критикалык ой жүгүртө алуу жөндөмдүүлүктөрүндө, коомдун болочок жаш муундарынын коомдук нравалуулук, адеп-ахлактык, жүрүм-турум нормаларын анализдөөлөрүнүн негизинде калыптанган улуттук аң-сезимдеринин өнүгүүсүндө маанилүү мааниге ээ.

Ал эми С.М. Арутюнян “Бардык элдердин өзүнө мүнөздүү болгон өзгөчөлүктөрү (эмгекчилдик, кайраттуулук, мекенге болгон сүйүү, юмор ж.б.), алардын жашоо тиричилик шарттары, басып өткөн тарыхый жолдору башка болгондуктан, ар биринде ар башкача көрсөтүлөт” – деп айткан [3]. Бирок, ошондой болсо да Англиянын эли менен кыргыздардын табиятка болгон арзуу-аракеттери, жан-жаныбарларды сүйүп багуудагы мээримдүүлүктөрү, каада-салттарындагы инсанды сыйлоосу, урматтоосу, адамгерчиликке, меймандостукка терең маани берген ийкемдүүлүктөрү сыяктуу окшоштуктарды белгилөөгө болот.

Башка улуттардын мүнөзүн билүү менен алардын саясий жана коомдук көз караштарын түшүнүп билүүгө болот. Башка чет элдик өлкөлөрдүн элдеринин маданияты, каада-салттары, мүнөздөрү менен таанышуу окуучуларда эл аралык мамилелерди түзүүсүнө аны өркүндөтүүсүнө, өз алдынча өсүп өнүгүүсүнө шарт түзүү жана алар менен өз элинин улуттук өзгөчөлүктөрүн салыштыруу аркылуу өзгөртүүгө, жакшыртууга мүмкүндүк берет.

**Адабияттар:**


1. Алимбеков А. Таалим-тарбия мазмунун этномаданий өнүттө өркүндөтүүнүн проблемалары. ЫГУнун кабарчысы. 2004-ж.
2. Асипова Н.А. Жаштар үчүн улут аралык карым-катнаш маданиятынын мааниси. – Бишкек Манас Университети "Коомдук илимдер" журналы 2003-ж.
3. Арутюнян С.М. Вопросы национальной психологии. – Черкесск, 1972-ж.
4. Гурлитт Л. Проблема общей единой школы. - М ., 1919-ж.
5. Кадочникова Э.А. Культура: язык и искусство М: 2005.
6. Молдалиева А. Кут билим. 2013-ж. 31-Май
7. Ушинский К.Д. О народности в общественном воспитании. М: собр.соч. Т.2.


**Рецензент: д.пед.н., профессор Асипова Н.А.**